Акча мыйзамы

Зина АСАНКОЖОЕВА, Улуттук банктын төрайымы:

# «БАКИЕВДЕРДИН АРАМ АКЧАЛАРЫН КАЙТАРУУ ӨТӨ ТАТААЛ ПРОЦЕСС»

Өлкөбүздөгү кичи каржылык банктардын ишмердүүлүгү, алсыраган экономикабызга улуттук банкыбыз кандай чараларды көрүп жаткандыгын билүү максатында баш банкир Зина айымга айрым соболдорубузду жолдоп көрдүк.



**–Банк системасы өлкө экономикасынын күрөө кан-тамыры болуп эсептелет эмеспи. Экономикалык жактан күн сайын балчыкка батып бараткан биздин мамлекетти каржылык каатчылыктан чыгаруунун жол-жобосун иштеп чыга алдыңарбы?**

–Кыргызстандын экономикасы чакан, ачык экономика болуп саналат. Бул анын тышкы өзгөрүүлөргө анын ичинде, дүйнөлүк каатчылыктардын таасирине байланышы бир топ экендигин билдирет. Кайсы болбосун башка чакан мамлекеттердегидей эле, биздин экономикабыз дүйнөдө жүрүп жаткан процесстерге негизинен таасир эте албайт. Акыркы жылдардагы дүйнөлүк каржылык каатчылык биздин экономикабызга албетте таасирин тийгизген. Өлкөнүн экономикалык өсүшүнө экономиканын начар диверсификациясы, импорттон көз карандылыгы сыяктуу бир катар ички факторлор да орун алууда. Кайсы бир жылдары бул факторлор анчалык таасир этпеген болсо, айрым бир жылдары алардын таасири күчөгөн. Мисалы, 2012 -жылы «Кумтөр» алтын кенин казып алуу ишканаларында алтын өндүрүүнүн кыскарышы өлкөдө ички дүң өнүмүнүн өсүшүнө терс кесепетин тийгизди. Ошондой болсо да, Кыргызстан кризис абалында деп айтуу туура эмес. Муну статистикалык маалыматтар да тастыктоодо. «Кумтөрдөгү» өндүрүштү жана 2010-жылдагы жагдайды эске албаганда, акыркы 10 жылда экономикалык өсүш ички дүң өнүмдүн жыл ичинде орточо алганда 5,4% деңгээлде өскөндүгүн далилдөөдө. Соңку маалыматтар боюнча 2013-жылдын январь-февраль айлары ичинде экономиканын жалпы өсүшү 8.0% чегинде катталган. 2012-жылы (2012-жылдын декабры 2011-жылдын декабрына карата) инфляциянын көрсөткүчү 7,5% түзгөн. Улуттук банк өз ишинин баардык негизги багыттары боюнча бир нече программаны иштеп чыгып, жүзөгө ашырууда. Бул программалар акча кредит саясаты, банктык жана банктык эмес каржы-насыялык мекемелерин, төлөм системасын өнүктүрүүгө багытталган. Ушул программалар өнүгүү программасы болуп калуу менен баанын туруктуулугун колдоого жана түпкүлүгүндө келип, бүтүндөй макро-экономикалык туруктуулукту бекемдөө максатын көздөйт. Улуттук банк Кыргыз Республикасын 2013-2017-жылдары туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясын ишке ашырууга катышууда. Бул стратегияда олуттуу бөлүк өлкөбүздүн каржы секторун өнүктүрүүгө багытталган.

**–Кыргызстанда бир дагы чакан насыя берүү компаниясы жакырчылыкты жоюу боюнча иш алып барбайт. Ошондуктан 100 чакан насыя берүүчү компаниянын лицензиялары алынды. Карапайым калк качан чакан насыя берүүчү компаниялардан үстөгү аз насыяларды ала баштайт?**

–Чындыгында Улуттук банк 2012-жылда 98 чакан насыя уюмдардын күбөлүгүн кайтарып алган. Алардын ичинен, 46 МФУнун "Кыргыз Республикасындагы чакан-насыялык уюмдар жөнүндө" мыйзамынын талаптарын же башкача айтканда жеткиликтүү кызмат көрсөтүүлөрдү жүзөгө ашыруу максаты сакталбагандыгына байланыштуу. Мезгил-мезгили менен берилүүчү «регулятивдик» отчетторду системалуу түрдө бербегендиги үчүн 52 чакан каржылык уюмдун каттоодон өткөндүгү жөнүндө күбөлүктөрү кайтарылып алынган. 2012-жыл аралыгында чакан каржылык уюмдардын кредиттеринин пайыздык ченинин төмөндөөсү 3,9% пунктту түзгөн. Бул тармакта жумуш жүрүп жатат. Бирок, пайыздык чендерде биринчи кезекте, алардын алып келген кредиттик каражаттарынын баасын эске алыш керек. Ошондой эле өлчөмү кичине жана кыска мөөнөттө берилүүчү насыяларга кеткен чыгымдын өлчөмү, чоң коммерциялык банктардагы насыялардан дайыма чоң болот.

**–Айрым региондордо жашы 65тен өткөн жарандарыбызга насыя берилбей жаткандыгын депутат И.Исаков айтып чыкты. Мындай мыйзамсыз иштерди көзөмөлдөөгө неге чамаңар келбей жатат?**

–Бүгүнкү күндө биздин мыйзам ченемдик актыларында, насыя ала турган кардарлардын жашына чектөөлөр коюлган эмес. Чакан насыя берүүчү уюмдар өз ишмердүүлүгүн ички саясатына, каржылык мүмкүнчүлүгүнө жана насыя берүүчүлүк продуктуларына болгон суроо талаптарга таянып насыяларды берет. Чакан каржылык уюмдар керектөөчүлөрдүн жаш курагына карабастан, карыз алуучулардын муктаждыгын жана өздүк мүмкүнчүлүгүн баалап, насыялык кайтаруу мөөнөтүн, төлөө пайызын аныктап, божомолдонгон графигин, төлөөгө кудуреттүүлүгүн эсептеп, насыяны берүү же бербөө чечимин чыгарышат. Эң негизгиси насыяны өз убагында төлөөгө бүт аракеттер жумшалышы керек. Себеби, банк өз кезегинде аманатчылардын акчасын кепилдик менен кайтарып жана алар берген акчага насыялоо операциясын жүргүзөт.

**–Бакиевдердин өлкөдөн банк аркылуу уурдап чыгып кеткен активдерин кайтарууга болобу?**

–Бакиевдердин арам акчаларын, активдерди кайтаруу өтө татаал процесс. Анын эффективдүү жана аракеттердин майнаптуу чыгышы үчүн эң башкысы саясый эрк жетиштүү болбой калышы мүмкүн. БУУ Конвенциясында коррупцияга каршы чара көрүү максатында өлкөдөн чыгарылып кеткен активдерди мекенине кайтаруу мүмкүнчүлүгү каралган. Кайтаруу механизмдери мамлекеттердин ар кандай укуктук системаларынан улам келип чыккан кыйынчылыктардан, уурдалган баалуулуктарды конфискациялоо процесстери боюнча бирдиктүү ыкманын жоктугунан улам татаалдашууда. Бирок, Кыргызстандын эл аралык келишимдерде жана конвенцияларда катышуусу мына ушундай мүмкүнчүлүктөргө жол ачат. Бул боюнча иштердин жыйынтыгы мамлекеттик органдардын жана ведомстволордун биргелешип иш алып баруусуна байланыштуу болот.

**–Швейцариянын банкынан Кыргызстандын 2 миллион доллар акчасы коррупциялык жол менен ташылып кетээрде токтотулду. Мындай мыйзамсыз аракеттерге ким жоопкер болушу керек. Дегеле мындай иштерди кимдер кылышууда?**

–Кыргыз Республикасынын «Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамына ылайык Улуттук банк шектүү деп эсептелген операцияларды токтотууга акысы бар. Бирок, мындай иш-аракет каржылык мыйзам бузууларды тергөөгө акысы бар укук коргоо органдарына кат түрүндө кайрылуусунун негизинде гана жүргүзүлөт. Улуттук банк банктардын жана банктык эмес каржылык мекемелердин ишмердүүлүгүн жөнгө салып, алардын үстүнөн көзөмөл жүргүзө турган мамлекеттик орган. Биз каржы мекемелеринде терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди адалдоого каршы аракеттенүү багытында ишмердүүлүк кандай деңгээлде уюштурулгандыгын гана көзөмөлдөйбүз. Текшерүүлөрдүн натыйжалары тууралуу терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди адалдоого каршы аракеттенүү боюнча ыйгарым укуктуу КР мамлекеттик каржылык чалгындоо кызматына маалымат беребиз. Өлкөбүздүн мамлекеттик каржылык чалгындоо кызматы өз кезегинде Кыргыз Республикасынын "Терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди адалдоого каршы аракеттенүү" жөнүндө мыйзамынын 5-беренесине ылайык алынган маалыматтар менен иш алып барууга укуктуу. Ал эми каржылык кылмыштарды тергөө жана териштирүү күч органдары тарабынан жүргүзүлөт.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

---

Кримсфера

## БАЛАСЫН САТКАН СОЙКУ КЫЗ

20-мартта Чүй облустук милициясынын оперативдүү кызматкерлери тарабынан 18 жаштагы Ш.Айчолпон аттуу селки кармалды. Алдын-ала иликтөөлөрдүн жүрүшүндө, ал айым өзүнүн наристе баласын сатып жибергендиги боюнча маалыматтар болгон. Анын кош бойлуу жүргөнүн көргөндөр кийин баласы тууралуу эч нерсе билбей калышкан. Көрсө, жаш эне наристесин 25 миң сомго соодалап жиберген экен.



«Бирөөгө зар, бирөөгө кор дүйнө» демекчи, жашоо эмне, бала эмне экенин элес албаган Айчолпон жаштайынан эле бузулуп, сойкулук менен жан баканга өткөн. Өзү 18 жашка толо элек кезинде тейлеген «клиенттеринин» биринен кош бойлуу болуп, 2012-жылдын 14-декабрында Москва районунун төрөт үйүнө келип түшүп, эркек бала төрөгөн. 20-декабрда уулун алып, төрөт үйүнөн чыгып кетип, баладан кантип кутулуунун амалын ойлоно баштайт. Өзүндөй болгон теңтушу А.Розага бул туурасында айтканда, баланы жөн эле таштап салбай, андан акча табуунун амалын ойлогон айым курбусун көндүрүп, баланы сата турган болот. Аны менен бала ала тургандарды да өзү табаарын убада кылат. Тез эле алуучу да даяр болуп, Москва районундагы Беловодск айылындагы кафелердин биринде соодалашуу жүрөт. Наристе 25 миң сомго Асылбаш айылынын тургунуна сатылгандыгы иликтөө иштеринин жүрүшүндө аныкталды.

Жогорудагы факт боюнча кылмыш иши козголуп, Панфилов районунун Чалдовар айылынын тургуну Айчолпон камакка алынды. Ал эми кылмыштын катышуучулары да бул боюнча көрсөтмөлөрдү беришүүдө.

**Накен КАЛЧАЕВ**